Кыргыз Республикасынын
Санариптик өнүктүрүү жана
инновациялык технологиялар
министрлигине караштуу Архив
кызматынын ________________
______________________________
буйругуна тиркеме

Архив кызматынын тутумунун мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген кызматкерлеринин бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурсту уюштуруу жана өткөрүү тартиби жөнүндө
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Конкурсту өткөрүү максаты Архив кызматынын тутумунун (архив мекемелеринин жетекчилеринен тышкары) мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген кызматкерлеринин (негизги персонал жана техникалык тейлөөчү персонал) бош кызмат орундарын ээлөөгө тандап алуу болуп саналат. Конкурсту өткөрүү жарандардын квалификациясына жана кесиптик даярдыгына ылайык бош кызмат орундарын ээлөөгө бирдей жеткиликтүүлүк укугун камсыз кылат.

1.2 Иштеп жаткан Архив кызматынын тутумунун мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген кызматкерлер бир архивдик мекеменин чегинде төмөн турган кызмат орундарын ээлөөдө талапкерлер конкурстан тышкары негизде дайындалат. Мындай учурда, жетекчи тиешелүү бош кызмат ордуна дайындоо жөнүндө же баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат.

1.3. Архив кызматынын мамлекеттик кызматкерлер категориясына кирбеген учурдагы кызматкерлери, бир архив мекемесинин алкагында окшош бош кызмат орундарына талапкер катары көрсөтүлгөн учурда, эгерде буга чейин азыркы ээлеген кызмат ордуна дайындоо боюнча конкурстук тандоого катышпаган болсо, ушул Жобого ылайык жалпы негизде конкурска катышат.

1.4. Архив кызматынын мамлекеттик кызматкерлер категориясына кирбеген учурдагы кызматкерлери, бир архив мекемесинин алкагында окшош бош кызмат орундарына талапкер катары көрсөтүлгөн учурда, эгерде буга чейин тиешелүү конкурстук тандоону ушул Жобого ылайык өткөн болсо, конкурстан тышкары негизде дайындалат. Мындай учурда жетекчи тиешелүү бош кызмат ордуна дайындоо жөнүндө буйрук чыгарат же кызматка дайындоодон баш тартуу чечимин кабыл алат.

## 2. Уюштуруу бөлүгү

2.1. Архив кызматында, борбордук мамлекеттик архивдерде, Бишкек шаардык мамлекеттик архивинде жана региондук башкармалыктарда конкурс өткөрүү үчүн конкурстук комиссия түзүлөт, анын курамы тийиштүү мекеменин жетекчиси тарабынан аныкталат жана бекитилет. Конкурстук комиссия мекеменин жетекчисинен же анын орун басарынан – комиссиянын төрагасынан, комиссиянын катчысынан[1] жана комиссия мүчөлөрүнөн – тажрыйбалуу кызматкерлерден, кесиптик бирлик уюмунун өкүлдөрүнөн, ошондой эле жарандык коомдун өкүлдөрүнөн жана/же архив кызматынын ардагерлеринен (макулдашуу боюнча) турат. Борбордук мамлекеттик архивдердин жана Бишкек шаардык мамлекеттик архивдин конкурстук комиссияларынын курамына Архив кызматынын өкүлдөрү да киргизилет (макулдашуу боюнча).

Конкурстук комиссиянын курамы 9 адамдан ашпоого тийиш, добуш берүү укугуна ээ мүчөлөрдүн саны так болушу керек. Комиссиянын катышпаган мүчөлөрүн алмаштырууга жол берилбейт.

2.2. Архив кызматынын, борбордук мамлекеттик архивдердин, Бишкек шаардык мамлекеттик архивинин конкурстук комиссияларынын отурумдарында Архив кызматынын жетекчисине конкурстан өткөн талапкерди бош кызмат ордуна дайындоого сунуштоо жөнүндө чечим кабыл алынат.

2.3. Региондук башкармалыктардын конкурстук комиссияларынын отурумдарында региондук башкармалыктардын жетекчилерине конкурстан өткөн талапкерди бош кызмат ордуна дайындоого сунуштоо жөнүндө чечим кабыл алынат.

2.4. Борбордук мамлекеттик архивдер, Бишкек шаардык мамлекеттик архиви бош кызмат орду түзүлгөн учурдан тартып 3 жумуш күндүн ичинде Архив кызматынын уюштуруу-кадр иштери, укуктук жана документтер менен камсыздоо бөлүмүнө тийиштүү билдирүү жөнөтөт.

2.5. Архив кызматы пайда болгон бош кызмат орундары жөнүндө билдирүүнү алгандан кийин 2 жумуш күндүн ичинде өз ведомстволук веб-сайтына жана жалпыга маалымдоо каражаттарына конкурс жарыялангандыгы жөнүндө маалыматты жайгаштырат.

2.6. Шаардык жана райондук мамлекеттик архивдер бош кызмат орду түзүлгөндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде региондук башкармалыктардын кадрлар боюнча инспекторуна тийиштүү билдирүү жөнөтөт.

2.7. Региондук башкармалыктар пайда болгон бош кызмат орундары жөнүндө билдирүүнү алгандан кийин 2 жумуш күндүн ичинде конкурс

[1] Региондук башкармалыктарда комиссиянын катчысы – кадрлар боюнча инспектор

жөнүндө жарыяны жалпыга маалымдоо каражаттарына жайгаштырышат жана ал жарыяны Архив кызматынын ведомстволук веб-сайтына жайгаштыруу үчүн Архив кызматына тийиштүү билдирүүнү жиберишет.

## 3. Конкурсту өткөрүү этаптары

3.1. Конкурс төмөнкү этаптардан турат:

- бош кызмат ордуна конкурс жөнүндө жарыяны жарыялоо;
- конкурска катышуучуларынын документтерин кароо жана аңгемелешүүгө уруксат берүү жөнүндө чечим кабыл алуу;
- аңгемелешүү;
- тандалып алынган талапкерди бош кызмат ордуна дайындоого сунуштоо жөнүндө чечим кабыл алуу.

3.2. Бош кызмат ордун ээлөөгө ачык конкурс өткөрүү жөнүндө маалымат төмөнкү маалыматтарды камтууга тийиш:

- архив мекемесинин аталышы жана юридикалык дареги;
- бош кызмат ордунун аталышы;
- бош кызмат ордуна коюлуучу квалификациялык талаптар;
- тийиштүү кызмат ордунун функционалдык милдеттери;
- конкурсанттардын кесиптик компетенциясынын деңгээли аныктай турган ченемдик укуктук актылардын тизмеси;
- конкурска катышуу үчүн керектүү документтердин тизмеси;
- документтерди кабыл алуу убактысы жана орду;
- документтерди кабыл алуу мөөнөтүнүн аякташы.

3.3. Документтерди кабыл алуу аяктаган күндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде комиссия ушул Жобого ылайык берилген арыздардын жана документтердин негизинде талапкерлердин белгиленген талаптарга ылайык келгендиги же туура келбегендиги жана аларга аңгемелешүүнү өтүүгө уруксат берүү жөнүндө чечим кабыл алат.

3.4. Кызмат ордун ээлөө үчүн конкурска катышуу укугуна 21 жашка толгон, кызмат ордун ээлөө үчүн зарыл болгон белгиленген квалификациялык талаптарга дал келген Кыргыз Республикасынын жарандары ээ.

3.5. Кесиптик компетенттүүлүктүн зарыл деңгээли:

**Жетекчисинин орун басары, бөлүм башчысы, фонддордун башкы сактоочусу кызмат орундары үчүн:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- “Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама;
- Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматы жөнүндө жобо;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик архивдеринин негизги иш эрежелери;
- “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.

**Башкы архивист, фонддорду сактоочу, архив сактоочу жайдын башчысы, инспектор кызмат орундары үчүн:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- “Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама;
- Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматы жөнүндө жобо;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик архивдеринин негизги иш эрежелери.

**Жетектөөчү архивист, архивист, археограф, методист кызмат орундары үчүн:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- “Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама;

**Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик кинофотофонодокументтеринин архивинин катардагы кызмат орундары үчүн:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- “Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Мамлекеттик архивдердин кинофотофонодокументтер менен иштөөнүн негизги эрежелери.
- Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама.

## 4. Документтерди кабыл алуу

4.1. Конкурска катышуу үчүн керектүү документтердин топтому төмөнкүлөрдү камтыйт:

- жеке арыз, кадрларды эсепке алуу боюнча баракча, автобиография (соттуулугу бар же жок экендиги жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен), резюме, фотография (3х4, 4 даана);

- паспорттун көчүрмөсү;

- зарыл болгон кесиптик билимди, иш стажын тастыктаган документтер (эмгек китепчесинин көчүрмөсү, билим, квалификацияны жогорулатуу, илимий даража жана илимий наам ыйгаруу жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү);

- сунуштама каттар (бар болсо).

4.2. Документтерди кабыл алуу мөөнөтү мекеменин жетекчиси тарабынан аныкталат, бирок конкурс өткөрүү жөнүндө маалымат жайгаштырылган күндөн тартып 7 календардык күндөн кем болбошу керек.

## 5. Аңгемелешүү

5.1. Аңгемелешүүгө документтерди кароо этабынан ийгиликтүү өткөн талапкерлер киргизилет.

5.2. Аңгемелешүүнүн жүрүшүндө талапкерлердин ушул Жобонун 3.5 пунктунда көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актыларды билүүсүнүн деңгээли, ошондой эле алардын жеке жана кесиптик сапаттары, келечектеги иши жөнүндө түшүнүктөрү, күтүүлөрү жана жүйөлөштүрүүлөрү бааланат.

5.3. Бир эле кызмат ордуна талапкер болгон талапкерлерге бирдей (окшош) суроолор берилет. Кызмат ордун ээлөө маселесине тиешеси бар башка жагдайларды тактоо зарыл болгондо кошумча суроолор берилиши мүмкүн.

## 6. Жыйынтыктоо жана комиссиянын сунуштары

6.1. Конкурстук комиссиянын чечими талапкерлер жокто кабыл алынат. Конкурстун жыйынтыгы аңгемелешүү аяктагандан кийин дароо жарыяланат.

6.2. Комиссиянын чечими отурумга катышкан анын мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең болуп калган учурда төрагалык кылуучунун добушу чечүүчү болуп саналат.

6.3. Комиссиянын ар бир мүчөсү конкурсантты сунуштоо боюнча “макул” же “каршы” добушун гана берет. Ал учурда, “калыс” добушуна жол берилбейт.

6.4. Конкурстук тандоонун жыйынтыктары протокол менен таризделет, ага отурумга катышкан конкурстук комиссиянын төрагасы, катчысы жана мүчөлөрү кол коюшат.

6.5. Эгерде конкурстук комиссия талапкерди сунуш кылбоо чечимин кабыл алса, конкурстук комиссиянын төрагасы ошол бош кызмат орду боюнча кайрадан конкурс өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алат.

6.6. Жетекчи үч жумуш күндүн ичинде тандалып алынган талапкерди кызмат ордуна дайындоо жөнүндө буйрук чыгарат же дайындоо мүмкүн эместигине байланыштуу баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат.

6.7. Конкурстук комиссиянын чечими, ошондой эле жетекчинин кызмат ордуна дайындоодон баш тартуу жөнүндө чечими мыйзамдарга ылайык даттанылышы мүмкүн.

(Конкурстук тандоонун жыйынтыктары сот тартибинде даттанылышы мүмкүн)